БЕКИТЕМИН
“_____”____________ 20____-жылы
№ _____ токтому менен бекитилген
Талды-Булак
айылдык кеңешинин төрагасы
_________ Б.Кененсариев

**Талды-Булак айыл аймагында “Муниципалдык менчикти башкаруу” жергиликтүү маанидеги маселени ишке ашыруу тартиби жөнүндө**

# ЖОБО

## I. Жалпы жоболор

1.1. Ушул жобо Талды-Булак айыл аймагында “Муниципалдык менчикти башкаруу” жергиликтүү маанидеги маселени ишке ашыруу тартибин, жергиликтүү маанидеги маселени чечүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функциясын, ошондой эле жергиликтүү маанидеги маселени чечүү боюнча укуктук жана уюштуруучулук маселелерди аныктайт.

1.2. Ушул жобо Кыргыз Республикасынын төмөнкү ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты:

Кыргыз Республикасынын Конституциясына;

Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексине;

Кыргыз Республикасынын Жер кодексине;

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына;

“Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына;

Талды-Булак айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын Уставына.

“Муниципалдык менчикти башкаруу” жергиликтүү маанидеги маселени ишке ашыруу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен бекитилген.

Ушул Жободо төмөнкү түшүнүктөр жана терминдер пайдаланылат: *муниципалдык менчик* - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында, пайдалануусунда, тескөөсүндө турган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кирешелерин алуучу булак катары кызмат кылуучу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча

башкаруунун иш-милдеттерин жүзөгө ашырууга зарыл жергиликтүү жамааттардын менчиги;

*турак жайга кирбеген фонд* - калкты социалдык жактан тейлөөгө, административдик мекемелер менен коомдук уюмдарды жайгаштырууга арналган жалпы турак жай мүлкүнөн башка имараттар, курулуш жайлар, объекттер менен жайлар;

*муниципалдык менчикти менчиктештирүү* - муниципалдык менчикти (менчиктештирүү объекттерин) жеке жана юридикалык жактарга ажыратып берүү;

*жер участогу* - туташ чектелген жер аянты;

*жер участогуна болгон укугун өткөрүп берүү* - жарандык-укуктук бүтүмдөргө ылайык менчик ээсинин же жерди пайдалануучунун жерге ээлик кылуудан ажыратышы же аны жарандык-укуктук бүтүмдөр аркылуу башка адамга убактылуу пайдаланууга бериши;

*жер участогуна укук* - менчик укугу жана жер участогун мөөнөтсүз (мөөнөтүн көргөзбөстөн) же мөөнөттүү (убактылуу) пайдалануу укугу;

*мамлекеттик же муниципалдык менчиктеги жер участогун пайдалануу укугу* - мамлекеттик же муниципалдык менчикте болгон жер участогун мөөнөтсүз (мөөнөтүн көргөзбөстөн) же мөөнөттүү (убактылуу) пайдалануу укугу;

*жер участогун пайдалануу укугу* - жер участогуна менчик ээси болуп эсептелбеген жеке жана юридикалык жактардын буюмдук укугу;

*жер участогуна менчик укугу* - жеке жана юридикалык жактардын Конституция, Жер кодекси жана башка мыйзам актылары менен таанылган жана корголуучу, Жер кодексинде белгиленген чектөөлөр менен бир эле мезгилде өзүнө таандык жер участогун өзү каалагандай ээлик кылууга жана тескөөгө укугу;

*турак жайы* - туруктуу же убактылуу жашоо үчүн арналган жана пайдаланылган, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген техникалык, санитардык жана башка милдеттүү талаптарга жооп берген турак жай фондунун өзүнчө бирдиги (жеке турак үй; жеке турак үйдүн бир бөлүгү; көп батирлүү үйдөгү батир; коммуналдык батир; коммуналдык батирдеги бөлмө; адистешкен турак жай фондунун үйлөрүндөгү бөлмө, көчмө турак жай фондунун турак үйү).

**II. Талды-Булак айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын максаттары жана милдеттири**

2.1. Талды-Булак айыл аймагында (мындан ары – Айыл аймыгы) “Муниципалдык менчикти башкаруу” жергиликтүү маанидеги маселени ишке ашыруу боюнча Талды-Булак айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши төмөнкү максатка жетүүгө багытталган:

Айыл аймагында муниципалдык менчикти башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатууга.

2.2. Айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттерди аткарат:

муниципалдык менчиктин толук жана үзгүлтүксүз объектилер боюнча эсебин жана кыймылын камсыз кылуу

муниципалдык менчиктин объектилеринин кирешелүүлүгүн жогорулатуу;

муниципалдык менчикти башкаруу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук базаны жакшыртуу;

муниципалдык менчикти пайдалануунун кыйла натыйжалуу ыкмаларын аныктоо жана колдонуу, сакталышын жана муниципалдык менчикти максаттуу багыты боюнча пайдаланылышын контролдоо;

муниципалдык менчиктин объектилеринин реестрин түзүү.

**III. Талды-Булак айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функциялары**

3.1. Талды-Булак айыл өкмөтүнүн функциялары:

*саясат жана жөнгө салуу функциялары*

муниципалдык менчикти башкаруу боюнча программалардын долбоорлорун айылдык кеңеш тарабынан аларды бекитүү үчүн иштеп чыгат;

жергиликтүү бюджеттин долбоорун муниципалдык менчикти башкаруу боюнча программалардын чыгымдарын кошуу менен иштеп чыгат;

муниципалдык менчиктин объектилерине укук берүү тартибин караган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун, муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө тартибин белгилеген Менчиктештирүү программаларынын жана башка ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгат жана Талды-Булак айыл кеңешинин кароосуна берет;

муниципалдык ишканалар жана мекемелер, ошондой эле муниципалдык менчикти пайдаланган башка юридикалык жана физикалык жактар тарабынан көрсөтүлгөн коммуналдык кызматтардын баа саясатын жана тарифин иштеп чыгат.

*аткаруу жана колдоо функциялары*

муниципалдык менчикти башкаруу боюнча программалардын аткарылышын алар айылдык кеңеш тарабынан бекитилгенден кийин камсыз кылат;

муниципалдык менчикти башкарат жана тескейт;

муниципалдык менчиктин объектилерин жеке менчикке жана пайдаланууга берет;

муниципалдык ишканаларды жана мекемелерди түзүүнү, иштетүүнү, кайра уюштурууну жана жоюуну, ошондой эле муниципалдык менчикте турган акционердик коомдордун акцияларын башкарууну жетектөө жана координациялоону ишке ашырат;

ишканаларды менчиктештирүүгө жана социалдык-маданий, тиричиликтик жана чарбалык багыттагы объектилерди жана алардын иштеши үчүн зарыл болгон жабдууларды айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүп берүүгө катышат;

муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө менен байланышкан келишимдерди түзөт;

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте муниципалдык менчиктин объектилеринин реестрин, ошондой эле муниципалдык менчиктин объектилеринин башка эсебин жүргүзөт;

муниципалдык менчикти камсыздандырууну ишке ашырат, муниципалдык менчиктин сакталышын камсыздоо боюнча башка чараларды кабыл алат;

мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун издөөнү, демилгелөөнү ишке ашырат жана “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө макулдашуу түзөт;

турак жай шарттарын жакшыртууга муктаж жарандардын эсебин жүргүзөт;

белгиленген мыйзамдык тартипте турак жай жана турак эмес жайларды кайра куруу жөнүндө чечим кабыл алат;

муниципалдык турак жай фондунун турак жайларын белгиленген мыйзам тартибинде жашоо үчүн жараксыз деп табат;

Айыл аймагынын жерди пайдалануу иштерин жөнгө салууну уюштурат.

*контроль жана көзөмөл функциялары*

муниципалдык менчикти башкаруу боюнча программаларды ишке ашырууну контролдоону жүргүзөт;

чарба жүргүзүү жана ыкчам башкаруу укугунда муниципалдык ишканаларга жана мекемелерге бекитилип берилген, ошондой эле жарандык укук мамилесинин башка субъектилерине белгиленген тартипте пайдаланууга берилген муниципалдык мүлктүн максаттуу пайдаланылышына жана сакталашына контроль жүргүзөт;

бюджетке муниципалдык мүлктү пайдалануу үчүн төлөмдүн, муниципалдык мүлктү сатуудагы жана менчиктештирүүдөгү төлөмдүн толук жана өз убагында которулуусуна контроль жүргүзөт;

муниципалдык менчикти башкаруу чөйрөсүндөгү макулдашуулардын жана келишимдердин аткарылышына контроль жүргүзөт;

аткарууга жана жерди кайтарууга контроль жүргүзөт;

муниципалдык жана жеке менчите турган турак жайлардын техникалык абалына жана өз убагында оңдоп түзөөдөн өтүшүнө контроль жүргүзөт;

муниципалдык турак жай фондунун пайдаланышына жана сакталашын камсыз кылууга, аталган фонддун турак жайлары белгиленген санитардык жана техникалык эрежелерге жана ченемдерге, мыйзамдын башка талаптарына шайкештигине контроль жүргүзөт;

муниципалдык менчикти башкаруу чөйрөсүндө белгиленген эрежелердин жана ченемдерин сакталашына контроль жүргүзөт.

3.2. Талды-Булак айылдык кеңешинин функциялары:

*саясат жана жөнгө салуу функциялары*

айыл өкмөтү иштеп чыккан муниципалдык менчикти башкаруу боюнча программалардын долбоорлорун бекитет;

жергиликтүү бюджеттин долбоорун ага муниципалдык менчикти башкаруу боюнча чыгымдарды кошуу менен бекитет;

айыл өкмөтү иштеп чыккан муниципалдык менчик объектилерине укук берүү тартибин караган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик укуктук атыларынын долбоорлорун, Менчитештирүү программаларын жана башка муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө тартибин белгилеген ченемдик укуктук актыларды бекитет;

жергиликтүү коомчулуктун муниципалдык менчикти пайдалануу жана тескөө тартибин, анын ичинде муниципалдык менчиктин объектилерин менчиктештирүү программаларын бекитүү жолу менен белгилейт;

муниципалдык менчиктин объектилерин ипотекага берүүгө жана күрөөгө коюуга макулдук берет;

Менчиктештирүү программасын бекитет;

муниципалдык менчикти камсыздандыруу тартибин белгилейт;

муниципалдык мүлктү пайдалануу үчүн, муниципалдык мүлктү сатуу жана менчиктештирүү үчүн төлөмдүн көлөмүн жана түзүмүн бекитет;

коммуналдык менчикти пайдаланган муниципалдык ишканалар жана мекемелер, ошондой эле башка юридикалык жана физикалык жактар тарабынан көрсөтүлгөн коммуналдык кызматтарга бааны жана тарифти бекитет;

муниципалдык менчикти эсептен чыгаруу тартибин белгилейт;

райондун административдик-аймактык түзүмү боюнча сунуштарды карайт;

Айыл аймагындагы айылдарынын калктуу пункттарынын башкы курулуш долбоорлорунун планын бекитет;

физикалык жактардын менчигине бериле турган жер участокторунун чектик өлчөмүн аныктайт;

жеке көмөкчү чарба, курулуш жүргүзүү жана турак үйүн тейлөө үчүн жер участокторунун өлчөмүн белгилейт;

жер кадастрын бекитет;

Айыл аймагынын турак жай фондунун өнүгүү жана курулуш, коммуналдык тейлөө жана жакшыртуу программаларын бекитет;

лифт жабдуусун пайдаланууга тарифтерди бекитет;

социалдык стандарттарды жана жергиликтүү бюджеттин каражатынын эсебинен турак жай субсидияларын берүүнү бекитет;

жарандардын укугун коргоо үчүн турак жай маселелери боюнча комиссия түзөт.

*контроль жана көзөмөл функциялары*

- айыл өкмөтүнүн ишине ага жүктөлгөн Талды-Булак айыл аймагында “Муниципалдык менчикти башкаруу” жергиликтүү маанидеги маселени ишке ашыруу тартиби жөнүндө” жергиликтүү маанидеги маселени ишке ашыруу боюнча функциялардын аткарылышына контроль жүргүзөт.

**IV. Талды-Булак айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик органдар жана башка уюмдар менен өз аракеттенүүсү**

4.1. Талды-Булак айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Талды-Булак айыл аймагында “Муниципалдык менчикти башкаруу” жергиликтүү маанидеги маселени ишке ашыруу тартиби жөнүндө” жергиликтүү маанидеги маселени ишке ашыруунун алкагында төмөнкү мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттешүүнү ишке ашырат:

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин аймактык органдары;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын аймактык органдары;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин аймактык органдары;

укук коргоо органдары ж.б.

4.2. Талды-Булак айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Талды-Булак айыл аймагында “Муниципалдык менчикти башкаруу” жергиликтүү маанидеги маселени ишке ашыруу тартиби жөнүндө” жергиликтүү маанидеги маселени ишке ашыруу боюнча коюлган милдеттерди аткаруу үчүн коомдук уюмдар жана бирикмелер, башка

коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар менен активдүү өз ара аракеттенишет.

**V. “Муниципалдык менчикти башкаруу” жергиликтүү маанидеги маселени ишке ашырууну каржылоо**

5.1. “Муниципалдык менчикти башкаруу” жергиликтүү маанидеги маселени ишке ашырууну каржылоо төмөнкүлөрдүн эсебинен ишке ашырылат:

а) Талды-Булак айыл аймагынын бюджеттик каражаттарынын;

б) юридикалык жана жеке жактардын кайтарымсыз берилген

каражаттарынын; в) гранттардын;

г) муниципалдык мекемелер жана ишканалар көрсөтөн кыз-

маттардан жана иштерден түшкөн кирешелердин

д) Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тыюу салбаган

башка булактардын.

**VI. Талды-Булак айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги**

6.1. Талды-Булак айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын кызмат адамдары ушул Жободо каралган “Муниципалдык менчикти башкаруу” жергиликтүү маанидеги маселени ишке ашыруу боюнча милдеттерди жана функцияларды талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган жоопкерчиликти алып жүрөт.

Талды-Булак  айыл өкмөтүнүн башчысы                                А.Иманкулов